Өлгөндөрдү тилдебегиле. Анткени алар өздөрү аткарган иш-аракеттерине жетишти

Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: Өлгөндөрдү тилдебегиле. Анткени алар өздөрү аткарган иш-аракеттерине жетишти.
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өлгөндөрдү тилдөөнү жана алардын ар-намысына тийүүнүн арам экенин баяндап жатат. Бул тилдөө адеп-ахлактын терс жактарынын бири. Анткени алар аткарган жакшы же жаман иш-аракеттерине жетишкен. Ошондой эле бул тилдөө аларга жетпейт. Анткени ал тилдөө тирүүлөргө гана зыян жеткирет.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5364